# ФИНОТЕРБ® КРЕМ

## ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Соодадагы аталышы**
Финотерб
**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Тербинафин
**Дарынын түрү**
Сырттан колдонуу үчүн крем
**Курамы:**
*Активдүү зат*
Тербинафин гидрохлориди BP 1 % кжө/кжө
*Көмөкчү заттар:* суюк парафин, ак жумшак парафин, цетостеарил спирти, цетомакрогол 1000, натрий метилпарабен, натрий пропилпарабен, глицерил моностеараты, динатрий ЭДТА, глицерин, тазартылган суу.
**Сүроттөмөсү:** Дээрлик ак жумшак масса.
**Фармадарылык тобу:** Тери ооруларын дарылоо үчүн препараттар. Тери ооруларын дарылоо үчүн мите козу карынга каршы препараттар. Жерине колдонуу үчүн мите козу карынга каршы препараттар. Жерине колдонуу үчүн мите козу карынга каршы башка препараттар. Тербинафин.
**АТХ коду:** D01AE15.
**Фармакологиялык таасири:**
*Фармакодинамикасы:*
Мите козу карынга каршы кеңири активдүүлүккө ээ, жерине колдонуу үчүн мите козу карынга каршы препарат. Тербинафин бир аз концентрацияларда дагы дерматофиттерге (*Trychophyton rubrum, T.mentagrophytes, T.verrucosum, T.violaceum, T.tonsurans, Microsporum canis, Epidermophyton floccosum*), көгөргөн (негизинен *C.albicans*) жана белгилүү диморфтуу мите козу карындарга карата фунгициддик таасир көрсөтөт. Дрожже мите козу карындарга карата активдүүлүгү алардын түрүнө жараша фунгициддик же фунгистатикалык болушу мүмкүн. Тербинафин мите козу карындарда жүрүп жаткан стеролдордун биосинтезинин эрте баскычын мүнөздүү түрдө өзгөртөт. Бул эргостеролдун жетишсиздигине жана скваленлин клетка ичинде топтолуусуна алып келет, бул мите козу карындын клеткасынын өлүмүнө алып келет. Тербинафиндин таасири мите козу карындын клеткалык мембранасында жайгашкан скваленэпоксидаза ферментин басаңдатуу жолу менен ишке ашат. Тербинафин адамда P450 цитохрома системасына жана, ошого жараша гормондордун же башка дары препараттарынын зат алмашуусуна таасир көрсөтпөйт.
*Фармакокинетикасы:*
Жерине колдонууда сиңирүү— 5% дан азыраак, бир аз системалуу таасир көрсөтөт.
**Колдонууга көрсөтмөлөр:**

- Мите козу карындарды, теринин мите козу карын инфекцияларын, анын ичинде буттун кетменинин микоздору (буттун кетменинин «мите козу карындары»), чурай эпидермофитиясын (*tinea cruris*), *Trichophyton* (а.и. *T. rubrum, T. mentagrophytes, T. verrucosum, T.violaceum*), *Microsporum canis* жана *Epidermophyton floccosum* пайда болгон дененин жылмакай терисинин мите козу карын жабыркоолорун алдын алуу жана дарылоо;
- Негизинен *Candida* түрүндөгүлөрдөн пайда болгон теринин дрожже мите козу карын инфекциялары (мисалы, *Candida albicans*), атап айтканда бышаруу;
- Pityrosporum orbiculare (ошондой эле Malassezia furfur аты менен белгилүү) пайда болгон түркүн түстүү чакалай (Pityriasis versicolor).

**Колдонуу жолу жана дозалары:**
Сырттан колдонуу үчүн.
*Чоң адамдар жана 12 жаштан баштап балдар.*
Финотерб креми күнүнө бир жолу же эки жолу сүйкөлөт.
Финотерб кремин сүйкөөнүн алдында жабыркаган жерлер суу менен тазаланат жана кургатылат. Теринин жабыркаган жерлерине кремди жука катмарда сүйкөп акырын сүртүү керек. Инфекциянын бышаруусу болгон учурда (субмаммардык, манжалар арасы, чурайлардын ортосу) түнкүсүн даки коюуга болот.
*Дарылоонун орточо узактыгы: дененин, шыйрактын дерматомикозу* - 1 жума күнүнө 1 жолу; *буттун кетменинин дерматомикозу* - 1 жума күнүнө 1 жолу; *теринин кандидозу* - 1-2 жума күнүнө 1 же 2 жолу; *түркүн түстүү чакалай:* 2 жума күнүнө 1 же 2 жолу.
Клиникалык көрүнүштөрдүн айкындуулугунун азаюусу адатта дарылоонун биринчи күндөрү белгиленет. Үзгүлтүктүү дарылоо же аны убактысынан эрте токтоткон учурда инфекциянын кайра кайталануу кооптуулугу бар. Эгерде бир эки жума дарылоодон кийин жакшыруу белгилери белгиленбесе, диагнозду верификациялоону жүргүзүү керек.
*Улгайган курактагы адамдарда* препаратты дозалоо режими жогоруда сүрөттөлгөндөрдөн айырмаланбайт.
*12 жашка чейинки балдарда* бул препаратты колдонуу сунушталбайт.
**Кыйыр таасирлери:**
*Иммундук система тарабынан:* айрым билдирүүлөр – жогорку сезгичтик реакциялары (бөртмө).
*Көрүү органы тарабынан:* сейрек – көздүн дүүлүгүүсү.
*Теринин катмары тарабынан:* тез-тез – теринин түлөөсү, кычышуу; тез-тез эмес – теринин жабыркоосу, карттын пайда болуусу, тери жабыркоосу, пигментациянын бузулуусу, эритема, теринин ачышуусун сезүү; сейрек – теринин кургашын сезүү, контакттуу дерматит, экзема; айрым билдирүүлөр – бөртмө.
*Жериндеги реакциялар:* тез-тез эмес – ооруу, сүйкөгөн жердин ооруусу, сүйкөлгөн жердин дүүлүгүүсү; сейрек – оорунун симптомдорунун курчуусу. Препарат сүйкөлгөн жерлердин кычышуусу, теринин түлөшү, ооруу сезими, дүүлүгүү, теринин пигментациясынын өзгөрүшү, ачышуу, эритема, карттар байкалышы мүмкүн. Бул маанилүү эмес симптомдорду бөртмө сыяктуу, сейрек учурларда пайда болуучу жана дарылоону токтотуунун талап кылган жогорку сезгичтик реакциясынан айырмалоо керек. Сейрек учурларда мите козу карын инфекциясынын өтүшү курчушу мүмкүн.
Эгерде көрсөтүлгөн кыйыр таасирлердин ичинен кайсы бири күчөсө, же бейтап ар кандай башка кыйыр таасирлерди байкаса бул тууралуу дарыгерге билдирүүсү керек.
**Каршы көрсөтмөлөр:**
Тербинафинге же препараттын курамына кирген активдүү эмес ингредиенттердин ичинен кайсы бирине жогору сезгичтик; 12 жашка чейинки балдар курагы (жетиштүү клиникалык тажрыйбанын жоктугу); эне сүтүн эмизүү мезгили.
*Этияттык менен:* боор жана/же бөйрөк алсыздыгы, алкоголизм, чучук затынын кан жаратуусунун басаңдоосу, шишимиктер, зат алмашуу оорулары, колу-буттардын кан тамырларынын окклюзиондук оорулары.
**Ашыкча доза:**
Сырттан колдонууда – ыктымалдуулугу аз.
*Кокустан ичип алууда симптомдору:* баш оору, окшуу, гастралгия, баш айлануу.
*Дарылоо:* активдешкен көмүр, зарыл болсо оору белгилерин жоготууга багытталган колдоочу дарылоо.
**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири:**
Аныкталган эмес.
**Өзгөчө көрсөтмөлөр:**
Финотерб креми сырттан колдонуу үчүн дайындалган. Көзгө түшүрүүдөн алыс болуу керек, себеби көздүн дүүлүгүүсүн пайда кылат. Кокустан көзгө түшкөн учурда аккан суу менен жууңуз.
Дүүлүгүүнүн туруктуу көрүнүштөрү өрчүгөн учурда дарыгер менен кеңешүү зарыл. Аллергиялык реакциялар өрчүшүндө Финотерб препаратын токтотуу зарыл. Крем цетостеарил спиртин камтыйт, ал жериндеги тери реакцияларын (мисалы, контакттуу дерматит) пайда кылышы мүмкүн.
*Кош бойлуулук жана бала эмизүү*
Эксперименталдык изилдөөлөрдө тербинафиндин тератогендик касиеттери аныкталган эмес. Азыркы убакка чейин тербинафинди колдонууда өрчүүнүн кандайдыр бир кемтиктери жөнүндө маалымдалган эмес. Бирок, кош бойлуу аялдарда тербинафинди колдонуунун клиникалык тажрыйбасы чектелүү болгондуктан, аны кош бойлуу мезгилде колдонууга болбойт. Тербинафин эне сүтү менен бөлүнүп чыгат. Бирок, тербинафин кремин бала эмизген эне колдонгон учурда тери аркылуу активдүү заттын бир аз өлчөмү сиңирилет, ошондуктан эне сүтүн эмизген убакта препаратты колдонбоңуз.
*Унаа каражатын башкаруу жана/же механизмдер менен иштөө жөндөмдүүлүгүнө таасири:*
Унаа каражатын башкаруу же механизмдер менен иштөө жөндөмдүүлүгүнө таасир бербейт.
**Чыгаруу формасы:**
Басылган ийкемдүү алюминий түтүктө 20 г сырттан колдонуу үчүн крем.
Бир туб медицинада колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон таңгакта.
**Сактоо шарты:**
Кургак, жарык тийбеген жерде 25°С дан жогору эмес аба табында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.
Тоңдурууга болбойт.
**Жарактуулук мөөнөтү:**
3 жыл. Жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.
**Берүү шарты:**
Рецепти жок.

Vegapharm

01K

**Каттоо күбөлүгүнүн ээси:**
**Vegapharm LLP**
Unit 18, 53 Norman Road, Greenwich Centre Business Park, London, England, SE10 9QF, UK (Улуу Британия)

**Өндүрүүчү:**
**Lark Laboratories (India) Ltd.**
SP-1192 E, Phase-IV, RIICO Industrial Area, Bhiwadi, Distt. Alwar (Rajasthan), India (Индия)

**Кыргыз Республикасынын аймагында керектөөчүлөрдөн продукциянын (товардын) сапаты боюнча арыз-доолорду кабыл алуучу уюмдун дареги:**
«Aman Pharm» (Аман Фарм) ЖЧК, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Шооруков көчөсү, 36.